# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН ИШТӨӨ ТАРТИБИ

Билим берүү уюму (мындан ары – БУ) жетекчинин сунуштамасы боюнча программалык жана/же институционалдык аккредитациядан өтүү жөнүндө чечим кабыл алат.

БУ программалык жана/же институционалдык аккредитациядан бир учурд же өз-өзүнчө өтө тургандыгын өзү чечет.

Өзүн-өзү баалоо – бул БУнун ишмердүүлүгүн комплекстүү баалоо. Талдоо жана баалоо БУнун акыркы 5 жылдын ичиндеги ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына жүргүзүлөт. Комплекстүү баалоо БУнун жыл сайын жүргүзүлүүчү өзүн-өзү баалоонун натыйжаларына негизделиши керек.

Өзүн-өзү баалоо жүргүзүү үчүн пеагогикалык (окумуштуулар) кеңешинин чечиминин негизинде БУнун жетекчисинин буйругу менен комиссия түзүлөт.

Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

- БУнун жетекчиси – комиссиянын төрагасы;
- БУнун жетекчисинин орун басары;
- БУ/БПнын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери;
- БУнун методикалык бирикмелеринин жетекчилери;
- Көзөмөлчүлүк кеңештин, билим алуучулардын, бүтүрүүчүлөрдүн, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрү.

Өзүн-өзү бааалоо жөнүндө буйрукта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- аккредитациянын түрү (институционалдык жана/же программалык);
- ар бир мүчөнүн аты-жөнү жана ээлеген кызматы;
- өзүн-өзү баалоо жүргүзүүнү баштоо жана аяктоо датасы;
- педагогикалык (окумуштуулар) кеңештин кароосуна сунушталуучу өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту берүү датасы.

БУнун ишмердигин өзүн-өзү баалоого даярдануу учурунда комиссиянын төрагасы анын мүчөлөрү менен уюштуруучулук-даярдануу чогулушун өткөрөт, анда:

– жооптуу адамдарды көрсөтүү, иштин багыттарын жана аларды аткаруу мөөнөттөрүн аныктоо менен өзүн-өзү баалоо жүргүзүү планы бекитилет;

– өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын жалпылоочу жана аналитикалык отчетту (мындан ары – отчет) даярдоочу жооптуу адам дайындалат;

– өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын алдын ала жана аяккы кароо боюнча мөөнөттөр аныкталат.

БУнун ишмердигинин натыйжаларынын сапаты жөнүндө ырастоолор негизделген жана документтер менен тастыкталган болушу керек.

Өзүн-өзү баалоо жүргүзүү учурунда ар бир минималдуу талап боюнча төмөнкүлөрдү талдоо зарыл:

- БУнун ишмердигин жөнгө салуучу, процесстерди, ишмердигинин натыйжаларын жана ресурстарды чагылдыруучу документтердин болушу;
- ишке ашыруу механизмдери (иштелип чыккан жана бекитилген) жана аларды практикага киргизүү;
- өзүн-өзү баалоо жүргүзүлгөн учурдагы БУнун ишмердигинин жыйынтыктары;
- БУнун ишмердигинин ушул аспектин жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча пландар.

Комиссия БУнун ишмердигинин материалдарын критерийлерге ылайык талдайт жана баалайт. Талдоонун жыйынтыгы боюнча БУнун (программанын) күчтүү жана алсыз жактары ар бир минималдуу талап боюнча критикалык бааланат, тыянактар иштелип чыгат.

Институционалдык аккредитациялоодо кадрдык жана материалдык-техникалык камсыздоо боюнча минималдуу талаптар окуу жайдын жалпы көрсөткүчү лицензиялык талаптарга шайкеш келүүсүн тастыктоо менен бааланат.

Программалык аккредитациялоодо кадрдык жана материалдык-техникалык камсыздоо боюнча минималдуу талаптар ар бир программа боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына шайкеш келүүсүн тастыктоо менен бааланат.

Минималдуу талаптар боюнча жана мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын аткарылышын далилдөөчү база БУнун сайтында жайгаштырылышы керек.

Жыйынтыктарды жалпылоо үчүн жооптуу адам алынган материалды белгиленген формада өзүн-өзү баалоо боюнча аналитикалык отчет түрүндө тариздейт.

Комиссиянын төрагасы комиссиянын отурумун өткөрөт, отурумдун жүрүшүндө отчет алдын ала каралат, айрым маселелер такталат, кошумча маалыматты чогултуу зарылдыгы жөнүндө ой-пикирлер айтылат, өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы боюнча сунуштар жана тыянактар талкууланат.

Отчет боюнча комиссиянын мүчөлөрүнөн келип түшкөн эскертүүлөрдү жана сунуштарды эске алып, комиссиянын төрагасы аны корректировкалоо жана акыркы кароо үчүн мөөнөттү белгилейт.

Өзүн-өзү баалоо боюнча отчет белгиленген формага ылайык тариzделет жана төмөнкү бөлүмдөрдөн турат: титулдук барак, киришүү, талдоо жана минималдуу талаптардын аткарылышынын далили, корутунду.

Корутунду комиссиянын БУнун (программанын) минималдуу талаптарга ылайык келүүсү жөнүндө аяккы тыянактарын жана ыйгарым укуктуу органда аккредитациядан өтүү жөнүндө сунуштарды камтыйт.

Отчеттун текстинин шрифти 14 Times New Roman, бөлүмдөрдүн аталышынын шрифти – 14 Times New Roman, кара шрифт болушу керек. Тексттеги саптардын ортосундагы аралык (интервал) – 1.0, отчеттун бардык барактары номерленген болушу керек.

Бaрактын талаалары: сол жагынан – 2,5 см., оң жагынан – 1 см., жогору жана төмөн жагынан – 2 см. Отчеттун текстиндеги таблицалар жана графиктер аталышка жана нумерацияга ээ болушу керек. Тексттеги шилтемелер документтин аталышын, далилдөөчү документтин бетин, тиркеменин номерин камтууга тийиш.

Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын толугу менен карап чыккандан кийин жеткире иштелип чыккан отчет педагогикалык (окумуштуулар) кеңештин кароосуна жиберилет, анда БУнун жетекчиси тарабынан отчетту бекитүү жана документтерди ыйгарым укуктуу органга аккредитациядан өтүү үчүн жиберүү чечими кабыл алынат.

Педагогикалык (окумуштуулар) кеңештин чечими БУнун жетекчисинин буйругу менен ишке ашырылат. Буйрукта электрондук аккредитациялоо платформасы аркылуу ыйгарым укуктуу органга аккредитациядан өтүү жөнүндө арызды берүүнүн мөөнөттөрү көрсөтүлөт.

Ал жеткис күчтөр пайда болгон учурларда (электрондук аккредитациялоо платформасы иштебеген абалда) документтер ыйгарым укуктуу органга кагаз жүзүндө жана электрондук алып жүрүүчүдө берилет.